УДК 336.773

# REPAYMENT AND THE CURRENT STATE OF LOANS ISSUED BY MICROFINANCE ORGANIZATIONS IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Dundar Mehmet Sukru**, PhD student Bishkek State University
them. K. Karasaeva, Bishkek, Kyrgyz Republic <mexmetsdundar@hotmail.com>

**Abstract**

In the microfinance sector of the Kyrgyz Republic, microcredit relations are developing at an accelerated pace. The volume of loans issued by microfinance organizations and the number of their recipients is increasing every year. At the same time, the timely repayment of issued micro loans by all recipients and in full is very important for assessing the profitability of microfinance organizations and the efficiency of using issued micro loans. Therefore, the article pays special attention to the problem of repayment of issued micro loans and its current state, an analysis is carried out based on the materials of the National Statistical Committee of the Kyrgyz Republic.

**Keywords:** micro credit, micro credit organizations, micro financial sphere, recipients of micro loans, volume of micro loans, dynamics, debt, repayment of micro loans.

# ВОЗВРАТНОСТЬ И СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ВЫДАННЫХ КРЕДИТОВ МИКРОФИНАНСОВЫМИ ОРГАНИЗАЦИЯМИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Дюндар Мехмет Шюкрю**, аспирант Бишкекского государственного университета
им. К.Карасаева, г. Бишкек, Кыргызская Республика <mexmetsdundar@hotmail.com>

**Аннотация**

В микрофинансовой сфере Кыргызской Республики ускоренными темпами развиваются микрокредитные отношения. Объем выданных кредитов микрофинансовыми организациями и количество их получателей с каждым годом увеличиваются. В то же время своевременный возврат выданных микрокредитов всеми получателями и в полном объеме очень важен для оценки рентабельности работы микрофинансовых организаций и эффективности использования выданных микрокредитов. Поэтому в статье особое внимание уделено проблеме возвратности выданных микрокредитов в ее современном состоянии, проведен анализ, опираясь на данные Национального статистического комитета Кыргызской Республики.

**Ключевые слова:** микрокредит, микрокредитные организации, микрофинансовая сфера, получатели микрокредитов, объем микрокредитов, динамика, долг, возвратность микрокредитов.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МИКРОКРЕДИТТИК УЮМДАР БЕРГЕН КРЕДИТТЕРДИН КАЙТАРЫЛЫШЫ ЖАНА УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

**Дүндар Мехмет Шүкрү**, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин
аспиранты, Бишкек ш., Кыргыз Республикасы <mexmetsdundar@hotmail.com>

**Кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын микрофинансылык чөйрөсүндө кредиттик мамилелер абдан бат өнүгүп жатат. Микрофинансылык уюмдар аркылуу берилген микрокредиттин көлөмү жана кредит алуучулардын саны жылдан жылга өсүүдө. Ошол эле учурда берилген микрокредиттердин толук көлөмүнүн кайтарылышы жана алуучулардын баары өз убагында төлөшү, микрофинасылык уюмдардын рентабелдүүлүгү жана берилген микрокредиттердин натыйжалуу пайдаланышын баалоо учурдагы абдан мааанилүү маселе. Ошондуктан маклада микрокредиттик уюмдар берген микрокредиттердин кайтарылышы жана учурдагы абалына көңүл бурулуп, Улуттук статистикалык комиттеттин маалыматтарына таянып талдоо жүргүзүлдү.

**Негизги сөздөр:** мирокредит, микрокредиттик уюмдар, микрофиинансылык чөйрө, микрокредит алуучулар, микрокредиттин көлөмү, динамика, карыз, микрокредиттердин кайтарымдуулугу.

**Киришүү**

Кыргыз Республикасынын финансылык системасында микрокредиттик мамилелердин республиканын баардык аймактарында кеңири жайылышы, берилген микрокредиттердин көлөмү жана микрокредитти алуучулардын саны жылдан жылга өсүшү, учурдагы кырдаалга (пандемия, мамлекеттердин арасындагы тышкы соода-экономикалык мамилелердин начарлашы, чек аралардын жабылышы, дүйнөлүк экономикалык кризис ж.б.у.с.) байланышкан экономикалык активдүүлүктүн төмөндөшү микрокредиттерди пайдалануучулардын иш аракетине түздөн түз таасир бергендиктен, микрофинансылык уюмдар берген микрокредиттердин кайтарылышын изилдөө учурда актуалдуу маселердин бири [1, 3, 4, 8].

*Изидөөнүн м аксаты*: изилдөө аралыгындагы микрокредиттердин кайтарылышынын динамикасын жана учурдагы абалын изилдөө аркылуу ал көрсөткүчтөрдү жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Микрокредиттик мамилелер, учурдагы абалы жана микрокредиттердин кайтарылышы макаланын *изилдөө объектиси* болуп саналат.

*Автордун изилдөө жыйынтыктары:* 2016-жылдан 2020-жылга чеин микрокредиттик уюмдар берген кредиттердин көлөмү жылдан жылга туруктуу өскөнүн байкаса болот. Эгерде 2016-жылы жалпы берилген микрокредиттердин көлөмү 13300,4 миң сомду түзсө, 2021-жылдын 1 январына карата 31 144,0 миң сомду түзгөн [2, 1б], же болбосо өсүү темпи 2,3 эсеге барабар.

Ошондой эле республика боюнча микрокредит алгандардын саны 2016-жылы 239 413 адамды түзсө, 2020-жылдын жыйынтыгында 706 610 адамды түзгөн [2, 2б], же болбосо өсүү темпи 2,9 эсеге өскөн.

Таблица 1. Микрокредиттик карыздардын динамикасы (млн сом)[2, 2б]

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | Өсүү темпи, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Берилген микрокредиттер - бардыгы | 13300,4 | 17166,5 | 23116,2 | 30188,2 | 31144,0 | 2,3 эсе |
| анын ичинен карыздары, бардыгы: | 414,7 | 12129,2 | 16189,4 | 21069,5 | 22059,3 | 53,2 эсе |
| Карыз, % менен | 3,1 | 70,7 | 70,0 | 69,8 | 70,8 | |
| анын ичинен: мөөнөтү өткөн карыз | 72,1 | 411,5 | 563,7 | 1252,5 | 1209,5 | 16,8 эсе |
| мөөнөтү өткөн карыз % менен | 17,4 | 3,4 | 3,5 | 5,9 | 5,5 | |

Каралып жаткан аралыкта берилген микрокредиттердин кайтарылышын изилдөө үчүн 1 таблицадагы көрсөткүчтөргө көңүл буралы. Таблицада берилген маалыматтарга карасак, карыздардын суммасы 2016-жылы 414,7 млн сомду түзсө, 2020-жылдын аягына чеин 22 059,3 млн сомду түзгөн, же болбосо өсүү темпи 53,2 эсеге көбөйгөн.

Микрокредиттик карыздардын ичинен мөөнөтү өткөн карыздарды да байкасак болот. 2015-жылы мөөнөтү өткөн карыздын суммасы 72,1 млн сомду түзсө, 2020-жылы 1 209,5 млн сомго жеткен, же болбосо өсүү темпи 16,8 эсеге өскөн.

Ошентип, микрокредиттик карыздар 2016-жылы берилген кредиттин суммасынын 3,1%ын түзсө, 2017-жылдан баштап кескин 70,7% га чеин көтөрүлүп, 2018-жылы 70,0% ды жана 2019-жылы 69,8% жана 2020-жылы 70,8% ын түзгөн.

Таблицанын көрсөткүчтөрүнө ылайык мөөнөтү өткөн карыздар көлөмү боюнча 2016-жылы 72,1 млн сомду түзсө, 2017-жылдан баштап кескин түрдө өскөн же болбосо өсүү темпи

16,8 эсеге көбөйгөнүн белгилеп кетүүгө болот. А эгерде мөөнөтү өткөн карызды пайыз менен берсек, анда 2016-жылы 17,4% дан 2017-жылы 3,4% га төмөндөгөн, а 2018 жылы кайрадан 3,5% га, 2019-жылы 5,9% га көтөрүлгөн жана 2020-жылы 5,5% га төмөндөгөн.

Таблица 2. 2021 жылдын 1 январына карата калктын алган микрокредиттерине өлчөмү жана мөөнөтү боюнча карыздары (млн. сом)[2, 3б]

| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин өлчөмү | Баары | анын ичинен | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3 айга чейин ки мөө-нөткө | 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө | 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө | 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 3 жылдан жогорку мөөнөткө |
| 10 миң сомго чейин | 301,4 | 38,3 | 54,9 | 175,7 | 32,5 | 0,1 |
| 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин | 1911,8 | 32,5 | 217,0 | 1421,3 | 240,2 | 0,7 |
| 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин | 3510,3 | 20,4 | 156,1 | 2117,4 | 1212,0 | 4,4 |
| 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин | 12059,7 | 17,7 | 80,6 | 2686,1 | 8839,4 | 435,9 |
| 300 миң сомдон жогору | 4276,0 | 5,4 | 11,2 | 92,4 | 2118,4 | 2048,6 |
| **Баары** | **22059,3** | **114,3** | **519,9** | **6492,9** | **12442,6** | **2489,6** |
| анын ичинен: мөөнөтү өткөн карыз | 1209,5 | 20,3 | 123,7 | 476,0 | 485,4 | 104,1 |

2 таблицада 2021 жылдын 1 январына карата калкка берилген микрокредиттердин көлөмүнөн карыздардын өлчөмү жана мөөнөтү боюнча өзгөчөлүктөрүн байкасак болот. Ага ылайык карыздын жалпы суммасы 22 059,3 млн сомду түзгөн. Анын ичинен мөөнөтү өткөн карыз - 1209,5 млн сом. Эң көп суммадагы карыз - 12 059,7 млн сом өлчөмү 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин берилген кредиттерди түзгөн. Анын ичинен 8839,4 млн сом (73,3%) карыз 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө берилген кредитти түзсө, 2686,1 млн сом 22,2%) 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 435,9 млн сом (3,6%) 3 жылдан жогорку мөөнөткө, 80,6 млн сом (0,6%) 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө жана 17,7 млн сом (0,1%) 3 айга чейинки мөөнөткө берилгендиги көргөзүлгөн.

Карыздардын андан кийинки көп суммадагысы (4276,0 млн сом) 300 миң сомдон жогору берилген микрокредиттер. Анын ичинен 2118,4 млн сом (49,5%) 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 2 048,6 млн сом (47,9%) 3 жылдан жогорку мөөнөткө, 92,4 млн сом (2,3%) 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 11,2 млн сом (0,3%) 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө жана 5,4 млн сом (0,1%) 3 айга чейинки мөөнөткө берилген микрокредиттерди түзгөн.

2 таблицада көрүнүп тургандай 3510,3 млн сом карыз 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин өлчөмдөгү карызды түзсө, анын ичинен 2117,4 млн сом (60,3%) 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 1212,0 млн сом (34,5%) 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 156,1 млн сом (4,4%) 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 20,4 млн сом (0,6%) 3 айга чейинки мөөнөткө жана 4,4 млн. сом 3 жылдан жогорку мөөнөткө берилген микрокредиттердин суммасынан түзүлгөн карызды түзүшкөн.

Ошентип, карыздардын басымдуу көп суммасын берилген кредиттердин өлчөмү боюнча 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин, 300 миң сомдон жогору жана 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин суммадагы берилген кредиттер түзсө, мөөнөтү боюнча - 1 жылдан 3 жылга чейинки убакытка берилген микрокредиттерге болгон карыздар түзгөн.

Жогоруда көргөзүлгөндөй микрокредиттик уюмдарга карыздын жалпы суммасы каралып жаткан аралыкта жылдан жылга көбөйгөнү баса белгиленсе, өлчөмү жана мөөнөтү боюнча микрокредиттик карызы бар алуучулардын саны 3 таблицада берилген. 2021-жылдын 1

январына карата  жалпысынан микрокредиттик уюмдарга 506 302 кардар карыз болуп калган. Анын ичинен  мөөнөтү өткөн карызы бар 23 727 кардарды түзгөн.

Таблица 3. 2020-жылы өлчөмү жана мөөнөтү боюнча микрокредиттик карызы бар кардарлар (адам)[2, 4б]

| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин өлчөмү | Баары | анын ичинен | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3 айга чейинки мөөнөт-кө | 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө | 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө | 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 3 жылдан жогорку мөөнөткө |
| 10 миң сомго чейин | 53984 | 5703 | 10791 | 31 827 | 5 640 | 23 |
| 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин | 162783 | 2465 | 21764 | 121 474 | 17 042 | 38 |
| 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин | 128455 | 606 | 5 873 | 81 285 | 40 573 | 118 |
| 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин | 152760 | 218 | 1 348 | 45 579 | 102 961 | 2 654 |
| 300 миң сомдон жогору | 8320 | 10 | 21 | 208 | 5 018 | 3 063 |
| **Баары** | **506 302** | **9002** | **39 797** | **280 373** | **171 234** | **5 896** |
| анын ичинен: мөөнөтү өткөн карыз | 23727 | 1415 | 7 222 | 6 819 | 7 746 | 525 |

Эң көп карызы бар кардарларды өлчөмү 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин берилген кредиттерге 162 783 кредит алуучу түзгөн. Анын ичинде 121 474 адам  6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 21 764 алуучу 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 17 042 алуучу 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 2465 алуучу 3 айга чейинки мөөнөткө жана 38 алуучу 3 жылдан жогорку мөөнөткө берилген кредиттерди алган адамдар.

Андан кийин өлчөмү 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин берилген кредит алган 171 234 адамды түзөт. Анын ичинен 102 961 адам 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 45 579 адам 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 1348 адам 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 2654 адам 3 жылдан жогорку  мөөнөткө жана 218 адам 3 айга чейинки мөөнөткө берилген микрокредитти убагында бере албай калган алуучулардан турат.

Ошентип, 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча микрокредитик уюмдарга карыз болгон кредит алуучулардын саны 506 302 адамды түзсө, анын эң көп саны өлчөмү 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин жана 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин берилген кредиттер түзүп, мөөнөтү боюнча 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө жана 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө берилген кредиттерге карата пайда болгон карыздар түзгөн.

Микрокредиттик уюмдардан кредит алган адамдардын орто өлчөмдөгү карызынын динамикасы  4 таблицада берилген. Көрсөтүчтөргө ылайык акыркы төрт жылда микрокредиттердин баардык өлчөмү боюнча орто өлчөмдөгү карыздын суммасы кескин өскөнүн байкасак болот.

Таблица 4. Микрокредит алуучунун орто өлчөмдөгү карызынын динамикасы (миң сом)[2, 6б]

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | Өсүү темпи, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин өлчөмү, бардыгы: | 7,4 | 43,9 | 39,9 | 42,0 | 43,6 | 5,9 эсе |
| анын ичинен: 3 айга чейинки мөөнөткө | 8,2 | 19,4 | 24,0 | 15,1 | 5,6 | 68,3 |
| 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө | 4,7 | 15,8 | 13,7 | 12,6 | 11,7 | 2,5 эсе |
| 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө | 8,2 | 29,5 | 24,8 | 23,6 | 27,3 | 3,3 эсе |
| 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 6,0 | 73,5 | 74,9 | 75,0 | 78,9 | 13,5 эсе |
| 3 жылдан жогорку мөөнөткө | 3,1 | 424,0 | 468,1 | 566,7 | 513,9 | 165,8 эсе |

Эгерде 2016-жылы жеке жактарга берилген микрокредиттердин орто өлчөмдөгү карызы 7,4 миң сомду түзсө, 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча 43,6 миң сомго, же болбосо 5,9 эсеге, анын ичинен 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө 4,7 миң сомдон 11,7 миң сомго, ж.б. 2,5 эсеге, 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө 8,2 миң сомдон 27,3 миң сомго ж.б. 3,3 эсеге, 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө 6,0 миң сомдон 78,9 миң сомго ж.б. 13,5 эсеге, 3 жылдан жогорку мөөнөткө 3,1 миң сомдон 513,9 миң сомго чеин ж.б. 165,8 эсеге чеин өскөнүн көрүүгө болот. Ошондой эле 3 айга чейинки мөөнөткө орточо карыз 8,2 миң сомдон 5,6 миң сомго, ж.б. 31,7% га чеин төмөндөгөн.

Жогорудагы маалыматтарга көз жүгүртсөк, карыздын эң көп өсүү темпи 3 жылдан жогорку мөөнөткө берилген кредиттерге болсо, эң төмөнкү көрсөткүч 3 айга чейинки мөөнөткө берилген кредиттерди төлөө маселесинде жаралган карыздарды түзгөн.

2020-жылы өлчөмү жана мөөнөтү боюнча микрокредит алуучунун орто өлчөмдөгү карызы 5 таблицада берилген. Анын негизинде төмөнкүлөргө токтолсок болот: 10 миң сомго чейин берилген кредитке орточо карыз 5,6 миң сомду түзсө, анын ичинен 3 айга чейинки мөөнөткө 6,7 миң сом, 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө 5,1 миң сом, 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө 5,5 миң сом, 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө 5,8 миң сом жана 3 жылдан жогорку мөөнөткө 2,4 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле өлчөмү 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин берилген кредит боюнча төмөнкүлөрдү байкасак болот. Орточо карыз 11,7 миң сомду түзсө, анын ичинен 13,2 миң сом 3 айга чейинки мөөнөткө, 10,0 миң сом 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 11,7 миң сом 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 14,1 миң сом 1 жылдан 3 жылга чейинки жана 18,7 миң сом 3 жылдан жогорку мөөнөткө алынган карызды түзгөн.

Эгерде жогоруда каралган микрокредиттин өлчөмү жана мөөнөтү боюнча орто өлчөмдөгү карызы 50,0% га жетпесе, өлчөмү 300 миң сомдон жогору берилген микрокредиттерге орто өлчөмдөгү карыз 513,9 миң сомду түзгөн. Эң көп орточо карыз 668,8 миң сомду түзүп 3 жылдан жогорку мөөнөткө берилген микрокредитке болгон карызды түзсө, 513,9 миң сом 3 айга чейинки мөөнөткө, 422,2 миң сом 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 535,7 миң сом 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө жана 444,0 миң сом 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө берилген микрокредиттерге карызды түзүшкөн. Каралган маалыматтардын негизинде өлчөмү жана мөөнөтү боюнча орто өлчөмдөгү карыз эң көп суммадагы берилген кредитке, анын ичинен 3 жылдан жогору берилген мөөнөткө тиешелүү экенин көрдүк.

Таблица 5. 2021-жылы өлчөмү жана мөөнөтү боюнча микрокредит алуучунун орто өлчөмдөгү карызы (миң сом) [2, 7б]

| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин өлчөмү | Баары | анын ичинен | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3 айга чейинки мөө-нөткө | 3 төн 6 айга чейинки мөө-нөткө | 6 дан 12 айга чейинки мөө-нөткө | 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 3 жылдан жогорку мөөнөткө |
| 10 миң сомго чейин | 5,6 | 6,7 | 5,1 | 5,5 | 5,8 | 2,4 |
| 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин | 11,7 | 13,2 | 10,0 | 11,7 | 14,1 | 18,7 |
| 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин | 27,3 | 33,7 | 26,6 | 26,0 | 29,9 | 37,3 |
| 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин | 78,9 | 81,3 | 59,8 | 58,9 | 85,9 | 164,2 |
| 300 миң сомдон жогору | 513,9 | 541,5 | 535,7 | 444,0 | 422,2 | 668,8 |

Таблица 6. Микрокредиттердин кайтарылышынын динамикасы (млн сом) [2, 8б]

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | Темпи, % м-н |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кайтарылуучу кредиттин тиешелүү суммасы | 10277,9 | 13185,4 | 13194,0 | 17170,4 | 19 811,5 | 192,8 |
| Төлөнгөн кредтттер | 10277,9 | 15758,6 | 18953,0 | 25306,6 | 30 002,6 | 135,1 |
| Потенциалдуу чыгымдарды жабуу үчүн резервдин эсебинен чыгышталган кредиттер | 106,4 | 88,9 | 64,0 | 88,8 | 126,3 | 99,6 |
| Бекитилген мөөнөттөргө ылайык төлөлнгөнү | 9669,0 | 12815,6 | 12023,0 | 16031,6 | 18 899,9 | 107,1 |
| Маалымдама: микрокредитти кайтаруунун деңгеели % менен | 94,1 | 97,2 | 91,2 | 93,4 | 95,4 | |

6 таблицада изилдөө аралыгындагы микрокредиттеридин кайтарылышынын динамикасы берилген. Таблицада көргөзүлгөндөй кайтарылуучу кредиттин тиешелүү суммасы 2016-жылы 10277,9 млн сомду түзсө 2017-жылдан баштап (13185,4 млн сом) 2020-жылга карата 19 811,5 млн сомго чеин жеткен. Изилдөө аралыгында кайтарылуучу кредиттин тиешелүү суммасы 92,8% га өскөн.

Ошол эле учурда кредиттердин бекитилген мөөнөттөргө ылайык төлөнгөнү 2016-жылы 10277,9 млн сомду түзсө, 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча 30 002,6 млн сомду түзгөн.

Потенциалдуу чыгымдарды жабуу үчүн резервдин эсебинен чыгышталган кредиттер 2016-жылы 106,4 млн сомду түзүп, 2017-жылдан баштап (88,9 млн сом) 64,0 млн сомго төмөндөсө (2018 ж.), 2019-жылы 88,8 млн сомго көтөрүлүп 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча 126,3 млн сомго жогрулаган.

Ошентип микрокредитти кайтаруунун деңгээли, 6 таблицада көргөзүлгөндөй 2016-жылы - 94,1% ды түзсө, 2017-жылы 97,2% га чеин көтөрүлүп, 2018-жылы 91,2% га чеин төмөндөсө, 2019-жылы 93,4% га жогорулап 2020-жылдын жыйынтыгында 95,4% жеткен.

Жогоруда талданган материалдарга негиздеп төмөнкү кортундуларды чыгарсак болот. Изилдөө аралыгында:

- микрокредиттик уюмдар берген микредиттердин көлөмү жана аларды алган кардарлардын саны жылдан жылга туруктуу өсүүдө;
- карыздардын басымдуу көп суммасын берилген кредиттердин өлчөмү боюнча 10 миң сомдон 25 миң сомго жана 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин суммадагы берилген кредиттер түзгөн;
- микрокредитти кайтаруунун деңгээли 2016-жылы - 94,1% ды түзсө, 2017-жылы 97,2% га чеин көтөрүлүп, 2018-жылы 91,2% га чеин төмөндөсө, 2019-жылы 93,4% га жогорулап, 2020-жылдын жыйынтыгында дүйнөлүк кризиске карабай 95,4% жеткен.

Берилген микрокредиттердин кайтарымдуулугун жакшыртыш үчүн:

- кредит алуучулардын финансылык сабаттулугун жогорулатуу боюнча тренингдерди туруктуу өткөрүп туруу сунушталат;
- өлчөмү жана мөөнөтү боюнча орто өлчөмдөгү карыз эң көп суммадагы берилген кредитке, анын ичинен 3 жылдан жогору берилген мөөнөткө тиешелүү болгондуктан микрокредиттик уюмдар микрокредитти ушул өлчөмдө жана мөөнөткө берүүдө кардарлардын кредиттерди кайтаруу мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл буруп, көп учурда өздөрү жүргүзүп жаткан ишкердиги бар адамдарга берүүгө басым жасоо керек;
- дүйнөлүк кризис шартында кредиттин кайтарымдуулугун жогорулатуу үчүн мамлекеттик колдоого бардык тарап муктаж экендигин 2020жылкы тажрыйба көргөздү.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө” N 124 мыйзамы, 2002 жылдын 23 июлу (КР 2005-жылдын 1-декабрындагы N 157, 2009-жылдын 27-мартындагы N 87, 2012-жылдын 6-октябрындагы N 169, 2013-жылдын 26-апрелиндеги N 60, 2013-жылдын 24-июлундагы N 162, 2016-жылдын 16-декабрындагы N 207, 2018-жылдын 6-августундагы N 88, 2020-жылдын 23-мартындагы N 29 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык);
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, 2016-2020 жж. калкка микрокредиттерди берүү жөнүндөгү статистикалык бюллетень, Бишкек 2021
3. Основные направления развития сектора микрофинансирования в Кыргызской Республике на 2018-2021 годы. Утверждено Постановлением Правления Национального банка Кыргызской Республики от «13» декабря №2017-П-11/51-4-(НФКУ)
4. Мусакожоев, Ш. М. Экономика: учебное пособие для высших учебных заведений. – Бишкек, 2017. – 296 с.
5. Кыргыз Республикасынын “Кредиттик союздар жөнүнүндө” мыйзамы, 28 1999 жылдын 28октябры N 117;
6. Кыргыз Республикасынын “Күрөө жөнүндө” мыйзамы 2005-жылдын 12-марты № 49 (КР 2007-жылдын 6-августундагы № 133, 2008-жылдын 17-декабрындагы № 265, 2009-жылдын 30-мартындагы № 97, 2009-жылдын 30-мартындагы № 98, 2009-жылдын 26-майындагы № 173, 2009-жылдын 29-июнундагы № 195 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык, КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 27-июлундагы УӨ № 110 Декретинин редакциясына ылайык, КР 2011-жылдын 12-июлундагы № 93, 2012-жылдын 10-октябрындагы № 170, 2014-жылдын 4-февралындагы № 27 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык);
7. Кыргыз Республикасынын “Айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы № 162 2013-жылдын 24-июлу.
8. Абдымаликов, К.А. Экономика Кыргызстан. – Бишкек: Бийиктик, 2010. – 605 с.